И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окмуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 13.20.618 диссертациялык кеңешинин эксперти п.и.к., профессор Т.Т. Иманалиевдин изденүүчү Сади Кылычтын "Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары" аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишине

К О Р У Т У Н Д У

Изденүүчү Сади Кылыч тарабынан даярдалган диссертицияны карап чыгып төмөнкүдөй корутундуга келдим:

**1.Диссертациялык кеңештин диссертацияны коргоого кабыл алуу укугуна иштин дал келүүсү.**

Көрсөтүлгөн кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине дал келет. Иште азыркы мектеп жаш муундарга калыптандыра турган сапаттардын ичинде өзүнүн аракеттеринин түзүлүшүн алдын-ала курууну билүү, үйрөнүп жаткан объектинин же процесстин маалыматтык моделин түзүү, маалыматты табууну уюштуруп билүү, өзүнүн баяндамасын структуралаштыруу жана катнашуунун тартибин сактоо, компьютерлер менен иштөөдө жана маалыматтык коммуникациялык технологияларды пайдалануунун көндүмдөрүнө ээ болуу биринчи кезекте экени белгиленип 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнун тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**2.Диссертациянын максаты :** лицей окуучулардын таанып-билүү билгичтиктерин окутуунун маалыматтык технологияларды колдонуунун негизинде өнүктүрүүнүн эффективдүүлүгүн илимий-педагогикалык жактан негиздөө .

**Коюлган максат төмөнкү милдеттердин ишке ашуусу аркылуу жетишилген:**

1. Психологиялык–педагогикалык адабияттарга анализ жүргүзүүнүн негизинде окуучуларды таанып-билүү билгичтиктери менен көндүмдөрү түшүнүктөрүн талдоо.
2. Лицейлердин таанып билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ачыктоо.
3. Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин технологиялык долбоорунун негизинде өнүктүрүүнүн методикасын иштеп чыгуу.

4. Информатиканы окутууда таанып-билүү билгичтиктерди өнүктүрүүнүн максаттуулугун жана эффективдүүлүгүн педагогикалык эксперименттин жардамы аркылуу текшерүү.

Изилдөөнүн объектиси катары “Сапат” лицейчилеринин башталгыч класстарындагы информатика боюнча окуу-тарбиялоо процесси көрсөтүлгөн жана бул диссертациянын максатына жана милдеттерине дал келет.

Изилдөөнүн методдору диссертацияда коюлган милдеттерге дал келет. Алсак, 1-милдеттин алкагында изилдөөнүн проблемасы боюнча илимий-педагогикалык изилдөөлөрдү теориялык-методологиялык талдоо, нормативдик документтерди үйрөнүү жана жалпылоо методдору, ал эми калган милдеттердин чегинде педагогикалык байкоо, анкета, тестирлөө, аңгемелешүү, окутуучулардын алдыңкы тажрыйбасын үйрөнүү, моделдештирүү, педагогикалык эксперимент сыяктуу методдор колдонулду.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы мезгилде коом өзүнүн мүчөлөрүнө заманбап билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөрдөн тышкары аныкталган компетенцияларга ээ болуу сыяктуу улам жаңы талаптарды коюп жатат. Ошондуктан коомдун учурдагы өнүгүшүнүн башкы багыттарынын бири болуп эсептелген–билим берүүнү маалыматташтырууда окуучулардын таанып-билүү билгичтиктерин калыптандыруу биринчи планга коюлуп жатат.

Заманбап билим берүү мекемелеринде компьютердик технологиялар окуучулардын баарынын ишмердүүлүгүнүн негиздүү бөлүгү болуп калды. Бул багытта мектепте предметтерди окутууда маалыматташтырууну эффективдүү колдонуунун жолдорун тандоодо билим берүүнү диффенциялоо, жекечелештирүү, окуу процессин интенсификациялоо, алгоритмдештирүү, жалпыланган моделдерди түзүүгө негизделүү азыркы талаптарга ылайык болуп саналат.

**3. Диссертациянын илимий жыйынтыктары**

Диссертацияда педагогика илиминин өнүгүшү үчүн төмөндөгүдөй жаңы, илимий негизделген теориялык жыйынтыктар келтирилген:

3.1. Окуучунун таанып-билүү билгичтиктеринин компоненттери, функциялары, калыптандыруу менен өнүктүрүүнүн принциптери такталды.

3.2. Информатиканы окутуу системасынын эффективдүүлүгүнө таасир бере ала турган маалыматтык технологияны колдонуунун модели түзүлдү.

3.3. Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин технологиялык долбоорлорунун негизинде өнүктүрүүнүн дидактикалык каражаттары иштелип чыкты.

3.4. “Сапат” лицейлеринде окуучулардын таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн эффективдүүлүгү далилденди.

3.5. Классификациялык белгилерге дал келүүсү: диссертациялык иш классификациялык белгилерге толугу менен дал келет.

**4. Диссертацияда алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөдө иштелип чыккан окуучунун таанып-билүү билгичтиктерин окутуунун маалыматтык технологияларын колдонуп өнүктүрүүнүн модели “Сапат” лицейлердин окуучуларына ылайыкташтырылган. Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин өнүктирүүдө технологиялык проектилөөнү колдонуу жолдору дидактикалык сунуштоолор катары көрсөтмө болуп бере алат. Ал эми, изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан сунуштоолор, ыкмалар, уюштуруу формалары окутуунун эффективдүүлүгүнүн таасирдүү каражаты катары колдонсо болот.

**5. Автореферaттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна негизинен дал келет. Бирок, диссертацияда берилген жалпы корутундулар менен авторефератта берилген жалпы корутундулардын ортосунда чоң айырмачылыктар бар. Авторефератта орусча жана англис тилдеринде резюмелер келтирилип, кыргыз тилинде резюмеси жок.

**6. Диссертацияда оорун алган кемчиликтер**

1. Диссертациянын киришүү бөлүгүндөгү, I главадагы тексте келтирилген шилтемелер колдонулган адабияттар булактарынын тизмесине дал келбейт. Мисалы: 4-бет, Дж. Байсалов деп 9-адабият булагына шилтеме берилген, а адабияттар тизмесинде 9-болуп башка автор көрсөтүлгөн, ушул эле беттеги О.В.Синявинага, К.М. Шоломийге шилтемелер да дал келбейт, 12, 39-бетте Н.Ф. Талызинге, 18-бет – О.Ф. Брыскинага, А.Г. Лебедева, В.А. Каймин, А.Г. Кушниренко автордук топко, А.И. Сенакосовко, 19-бет – А.М. Мамытовко, А.А. Семеновко, 30-бет М.А. Чошановко, 37-бет В. Монаховко, 39-бет Д.Б. Элькониге, 40-бет А. Мордковичке ж.б.

2. Диссертациянын I главасында “Билим берүү жөнүндө” Мыйзам, Информатика боюнча мамлекеттик стандарт сыяктуу нормативдик актылар талданып изилдөөнүн проблемасы кандайча чагылдырылганы ачыкталса жакшы болмок жана бул актылар колдонулган адабияттардын тизмесинде болуш керек деген ойду билдирем.

3. Диссертациянын 20-бетинде , 1-абзацта: “Ошентип информатика боюнча таанып-билүү билгичтиктерди маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүү боюнча биздин изилдөөнүн милдеттери актуалдаштырылат” деп айтылат, бирок, диссертацияда таанып-билүү билгичтиктерине кайсыл билгичтиктер кирет чечмеленбей калган.

4. Диссертациянын I главасынын экинчи параграфы (§ 2) “Лицейдин окуу процессинде заманбап маалыматтык технологияларды колдонуунун шарттары” деп берилген, бирок көрсөтүлгөн “шарттар” ачыкталган эмес.

5. Диссертациядагы изилдөөнүн предмети катары (50-б) “лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин өнүктүрүүнүн маалыматтык технологиялары” деген редакцияны карап көрүүнү сунуштайм.

6. Диссертациянын 59-бетинде... дидактикалык процессте төрт негизги багыт боюнча бөлүштүрүүгө болот деп 2.1.1 сүрөткө шилтеме берилген, ал эми, ал сүрөттө төрт эмес беш багыт болуп көрсөтүлүп калган.

7. Диссертациядагы 2.1.1. – сүрөт (60-бет)... педагогикалык шарттарды ишке ашыруу модели деп аталган, бирок, ал педагогикалык шарттар моделге чейин да, моделдин өзүндө да көрсөтүлүп аныкталган эмес. Моделде маалыматтык технологиянын өзү көрсөтүлгөн эмес, кайсыл таанып билүү билгичтиктери өнүгөт ачыкталса болмок. Менин оюмча бул моделди кайра иштеп чыгуу зарыл.

8. Диссертациянын II главасы да кайра иштеп чыгууну талап кылат, себеби, бул главада коюлган милдеттерди чечүүдө колдонулуучу изилдөөнүн методдору, аларды колдонуун максатка ылайыктуулугу да чечмелениши керек эле, тилекке каршы ал материал жок.

9. Диссертациядагы “Педагогикалык эксперименттер жана алардын натыйжалары” деген 3.2 параграфында (132-бет) педагогикалык эксперименттин маңызын толук ачыктоо керек деген ойдомун, себеби, берилген тексте эксперименттин өзү кандайча өтүлөөрү белгисиз, ушул эле бетте, акыркы абзацта... изилдөөдө сыпатталган методикалык ыкмалар...деп көрсөтүлгөн, бирок диссертацияда бул методикалык ыкмалар ачыкталган эмес.

10. Диссертациянын 133-бетинде, 3-абзацта...эксперименттердин биринчиси кенже мектеп окуучуларынын маалымат технологияларын колдонууга болгон реалдуу мамилесин аныктоого багытталган деп көрсөттүңөр да сурамжылоону (анкетаны) окуучулардын ата-энелерине жүргүздүңөр? Ата-энелер окуучулардын реалдуу мамилесин аныктай алабы? Бул жерде маселе бар.

11. Калыптандыруучу эксперименттин максаты катары (142-бет) иштелип чыккан окуу программаны, методикалык жана окуу куралдардын натыйжалуулугун текшерүү деп көрсөтүлгөн, Бирок диссертацияда бул программа жана окуу куралдар жөнүндө маалымат берилген эмес, ушундан улам, изилдөөнүн эксперименталдык бөлүгүн да кайра карап, иштеп чыгуу зарыл деп эсептейм.

12. Жалпы корутундуларды коюлган милдеттерге ылайык кайра иштеп, тактап чыгуу зарыл экенин билдирем.

*7. Сунуштар*

Диссертациялык иштин сапатын мындан да жогорулатуу үчүн төмөнкүлөрдү сунуштайм:

1. Тексттеги кээ бир орус тилиндеги сөздөрдү кыргыз тилине которуу: интенсификациялоо (3,17-б), диффекциялоо (3,7-б), функциялар (4-б), проектилөө (6,11,19-ж.б. беттер), копия (12-б) дефицит (15-б), традициялар (19-б) ж.б.

2. Диссертациянын 42-бетиндеги А.Г. Асмоловдун цитатасын орус тилден кыргыз тилине которуп келтирүү.

*8. Бүтүм*

Изденүүчү Сади Кылыч тарабынан жазылган “Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” аттуу темадагы диссертациялык иши толук кандуу аягына чыкка илимий эмгек болуп эсептелинет.

Эксперт Т. Иманалиев берилген ишти карап чыгып, Сади Кылычтын “Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясын И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окмуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 13.20.618 диссертациялык кеңешинде коргоо үчүн көрсөтүлгөн кемчиликтер жоюлгандан кийин кабыл алууну сунуштайт.

Эксперт                    Т.Т. Иманалиев

Профессор Т.Т. Иманалиевдин кол тамгасын бекитем

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Эксперт Т.Т. Иманалиевдин кол тамгасын тастыктайм.
Дисс. кеңештин окум. катчысы п.и.д., проф. Дюшеева Н.К.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билимдер академиясына караштуу Д 13.20.618 диссертациялык кеңештин эксперти п.и.д. профессор Н.А. Асиповaнын 13.00.01- педагогика, педагогиканын жана билим берүүнү тарыхы адистиги боюнча Сади Кылыч тарабынан “Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалымат технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” аттуу темада педагогика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы боюнча**

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт Асипова Н.А. изденүүчү Сади Кылыч тарабынан берилген “Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалымат технологиялардын негизинде өнүүктөрүүнүн педагогикалык шарттары” деген темадагы диссертациялык ишин биринчи көрсотүлгөн эскертүүлөрдү о**цдоодон кийин** карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунушталып жаткан диссертациялык иш Д 13.20.618 диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште 13.00.01- педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине жооп берүүчү башталгыч класстагы лицейчилердин маалымат технологиялары аркылуу информатика сабагында таанып-билүү билгичтиктерин өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын жана мазмунун иштеп чыгуу маселелери карлаган.

**1. Иштин максаты** лицей окуучулардын таанып-билүү билгичтиктерин өнүктүрүүнүн усулдугунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу, теориялык жактан негиздөө, анын натыйжалуулугун экспериментте текшерүү жана окуу процессине ишке киргизүү болуп эсептелет.

Диссертацияда коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюулган:

- психологиялык-педагогикалык адабияттарга анализ жүргүзүүнүн негизинде окуучулардын таанып-билүү билгичтиктери менен көндүмдөрү түшүнүктөрүн талдоо;
- лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ачыктоо;
- лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин технологиялык долборлоонун негизинде өнүктүрүүнүн методикасын иштеп чыгуу;

- информатиканы окутууда таанып-билүү билгичтиктерди өнүктүрүүнүн максаттуулугун жана эффективдүүлүгүн педагогикалык эксперименттин жардамы менен текшерүү.

3. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Дисссертациялык иштин темасы актуалдуу себеби, бүгүнкү маалыматташкан доордо мектеп окуучуларын, анын ичинде лицейчилердин күн санап өсүп бара жаткан маалымат технологияларын колдонуу аркылуу таанып-билүү билгичтиктерин калыптандруу учурдун актуалдуу маселелеринен болуп эсептелет. Изилдөө теориялык жана колдонмолуулук жактан мурда терең изилденбеген проблеманы чечүүгө арналган. Бирок, теманын аталышында, иштин структурасында, мазмунунда жана алардын чечмелешинде, жыйынтыктарды жалпылаштырууда айрым тактоону талап кылган дал келбестиктер кездешет.

4. **Илимий натыйжалар.**

Диссертациялык иште изилдөөнүн чегиндеги илимий натыйжалар алынган жана аларга төмөнүлөр кирет:

- лицей окуучуларынын таанып-билүү билгичтиктеринин түзүмү, мазмуну, функциялары, аныкталып, алардын калыптандыруу менен өнүктүрүүнүн принциптери такталды;
- информатиканы окутуу системасынын натыйжалуулугуна таасир бере турган маалыматтык технологияны колдонуунун модели түзүлдү;
- кенже класстардын, лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин долбоорлоонун негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары менен дидактикалык каражаттары иштелип чыкты;
- информатиканы окутуу процесинде маалыматык технологияларды колдонуу менен «Сапат» комплексинин лицейлердин окуучуларынын таанып-билүү билгичтиктерин калыптандыруу жана өнүктүрүүнүн натыйжалуулугуна илимий-педагогикалык негиздеме жүргүзүлдү;
- кыргыз-түрк лицейлеринде кенже окуучулардын таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологияларды окуу процессинде өнүктүрүүгө багытталган педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу далилденди.

Негизинен диссертациялык иште башталгыч класстын окуучуларынын таанып-билүү билгичтиктерин өнүктүрүүнүн негизги ыкмасы катары долборлоого (дисс. 10, 47, 124, ж.б.) басым жасалат.

5. **Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөдө иштелип чыккан окуучунун таанып-билүү билгичтиктерин информатиканы окутуунун маалыматтык технологияларын колдонуп өнүктүрүүнүн усулдугу кыргыз-түрк лицейлердин окуучуларына ылайыкташтырылган. Түзүлгөн окуу-усулдук каражаттар, методикалык көрсөтмөлөр, колдонмолор лицейчилердин изилдөөчүлүк, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн калыптануусуна негиз болуп саналат. Изилдөөнүн жүрүшүндө ачыкталган педагогикалык шарттар, иштелип чыккан техналогиялык долбоорлоону

колдонуу жолдору ”Сапат” лицейлер комплексинин мугалимдеринин иш практикасында жогорку окуу жайларында информатика боюнча мугалимдерди даярдоо процессинде жана мугалимдердин кесиптик чеберчиликтерин жогорулатуу курстарында колдонулса усулдук жардам ккатары колдонууга болот. Иштелип чыккан сунуштоолор, ыкмалар, уюштуруу формаларын информатиканы окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга таасирдүү каражаты катары колдонсо болот.

6. **Автореферваттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Оңдоодон кийинки абалынада авторефератта чагылдырылган диссертациялык иштин илимий аппараты диссертациялык иштин ичиндегилер менен дал келүү менен диссертциялык иштин натыйжаларын чагылдырган олуттуу милдеттер менен логикалык байланышта берүү керек. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюме менен жабдылган.

**7. Диссертациялык иштеги мүчүлүштүктөр:** Изденүүчү Сади Кылыч тарабынан жазылган “Лицейчилердин таанып-билүү билгичтитерин маалымат технологиялардын негизинде өнүүктөрүүнүн педагогикалык шарттары” деген темадагы диссертациялык иште тактоону, оңдоону талап кылган төмөнкүдөй мүчүлүштүктөр кездешет:

1. Излдөөнүн 1 главанын аталышы: “Лицейчилердин маалыматтык таанып-билүү билгичтиктерин калыптандыруу боюнча адабияттардын обзору жана практикадагы абалы” деп турат. Бул жерде “адабияттардын обзору жана практикадагы абалы” деген ар бир изилдөөнүн компоненти болуп саналат, анын ордуна **таанып-билүү билгичтиктерин калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери** десе туура болот. Изилдөөнүн мазмунундагы 1.1, 1.2 параграф экинчи главага тиешелүү болуп турат. Бардык главалардын, параграфтардын аталышы тактоону талап кылынат. Параграфтардын аталыштарында диссертациялык иштин түйүндүү түшүнүктөрү көрүнбөйт. Экинчи главада изилдөөнүн методологиясына жана методдоруна тиешелүү параграф жок.

2. Үчүнчү главада калыптандыруучу эксперименттин максат, милдеттери жана мазмуну даана көрүнбөйт, ага байланыштуу калыптандыруучу эксперименттин материалдары параграф 2.3 турат.

3. Башталгыч класстын окуучуларынын таанып-билүү билгичтиктерин өнүктүрүүгө байланыштуу педагогиалык шарттрады ачыктоо, аларды ишке ашыруу боюнча атайын программаны киргизүү керек.

4. Изденүүчүнүн өзүнө гана белгилүү болгон маалыматтар цифралар, формулалар орун алган. Алардын кайдан, кантип чыккандыгы анчалык түшүнүктүү эмес.
Корутундуну тактоо жана илимий кыргыз тилинде тариздөө – жазуу керек.

5. Изилдөөнү толутоочу тиркемелер болуш керек.

6. Диссертациялык иштин текстиндеги стилистиалык мүмчүлүштүтөрдүн үстүндө иштөө зарыл.

**8. Сунуштар:**

**Жогоруда белгиленген мүчүлүштүктөрдү четтетүү, илимий иштин структурасын, аталышы менен мазмунун, илимий аппаратын диссертациялык изилдөөлөрдүн талаптарына ылайык тактап, тариздөө сушуталат.**

**9. Сунуштамалар:**

Изденүүчү Сади Кылычтын 13.00.01– жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазылган “Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалымат технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” деген темадагы диссертациялык иши педагогикалык жактан өтө баалуу жана өз убагында жазылган эмгек болгондуктан, кеңири коомчулукка жарыялоого арзыйт.

**10. Корутунду:**

Изденүүчү **Сади Кылычтын** 13.00.01– жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазылган **“Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалымат технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары”** деген темадагы диссертациялык иши учурдагы өтө актуалдуу проблеман чечүүгө багытталган илимий эмгек болуп эсептелет.

Диссертациялык кеңештин эксперти п.и.д. профессор Н.А. Асипова сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билимдер академиясына караштуу Д 13.20.618 диссертациялык кеңешине **Сади Кылыч тарабынан 13.00.01– жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазылган “Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалымат технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары”** деген темадагы диссертациялык ишти жогоруда белгиленген мүчүлүштүктөрдү четтетүүдөн кийин алдын-ала коргоого сунуштаса болот деген чечимге келди.

**Эксперт, д.п.н., профессор** **Н.А. Асипова**

Дата

Н.А. Асипованын колун тастыктаймын
Бөлүм башчысы Исмаилова А.А.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

Эксперт Н.А. Асипованын кол тамгасын тастыктаймын
Дисс кеңештин окум. катчысы п.и.д., проф Дюшеева Н.К.

Д 13.20.618 И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин кандидаты, Эрдолатов Санжарбектин 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Сади Кылычтын “Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары”** деген темадагы диссертациясына

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Сади Кылычтын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Адистиктин паспортундагы 3 пункт камтыган "окутуу процессинде инсанды өнүктүрүүнүн педагогикалык каражаттарын жана шарттары аныктоо” проблемасынын талаптары эсепке алынган, иштин мазмуну 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистигинин паспортуна жооп берет жана негизги натыйжа иретинде лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары иштелип чыккан.
2. Иштин **максаты катары** лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары аныктоо жана алардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу аныктоо каралган. Изилдөөнүң алдынта **төрт милдет** коюлган: 1. психологиялык-педагогикалык адабияттарга анализ жүргүзүүнүн негизинде окуучулардын таанып-билүү билгичтиктери менен көндүмдөрү түшүнүктөрүн талдоо, 2. лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүтүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ачыктоо, 3. лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин технологиялык долборлорунун негизинде өнүктүрүүнүн методикасын иштеп чыгуу 4. информатиканы окутууда таанып-билүү билгичтиктерди өнүктүрүүнүн максаттуулугун жана эффективдүүлүгүн педагогикалык эксперименттин жардамы аркылуу текшерүү.

Изилдөөнүн объектиси – кыргыз-түрк лицейлеринин башталгыч класстарындагы информатика боюнча окуу-тарбиялоо процесси.

Изилдөөнүн объектиси жана предмети *изилдөөнүн максатына жана милдеттерине карата* туура аныкталган. Изилдөөнүн жүрүшүндө тийиштүү теориялык жана эмпирикалык, ошону менен бирге ырааттуу уюштурулган педагогикалык эксперимент методдору колдонулган. Топтолгон материал анализденген.

Диссертациянын темасы окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү жаатында орун алып келе жаткан актуалдуу проблеманы изилдөөгө багытталган жана жетиштүү деңгээлдеги прикладдык мааниге ээ. Анткени, соңку мезгилдеги актуалдуу илимий проблемалардын бири “мектепте предметтерди окутууда маалыматташтырууну

эффективдүү колдонуунун жолдорун тандоодо билим берүүнү дифференциялоо, жекечелештирүү, окуу процессин интенсификациялоо, алгоритмдештирүү, жалпыланган моделдерди түзүүгө негизделүү азыркы талаптарга ылайык”, - деген суроого жооп табуу менен байланыштуу. Ошондуктан тандалып алынган теманын актуалдуулугу, өз учурнда изилденип жатканы, педагогикалык теорияга жана практикага тийиштүү салымын кошоору шек санатпайт.

**3. Илимий натыйжалар.** Иште педагогика илиминин мындан ары өнүктүрүү менен байланышкан натыйжалар алынган. Алардын курамы төмөндөгүдөй:

3.1. Биринчи натыйжа, окуучунун таанып-билүү билгичтиктеринин түзүлүшү, функциялары, калыптандыруу менен өнүктүрүүнүн принциптери тактоо, экинчи натыйжа, информатиканы окутуу системасынын эффективдүүлүгүнө таасир бере турган маалыматтык технологияны колдонуунун моделин түзүү, үчүнчү натыйжа, лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин технологиялык проектилөөнүн негизинде өнүктүрүүнүн дидактикалык каражаттары иштелип чыгуу, ал эми, төртүнчү натыйжа, кыргыз-түрк лицейлеринде окуучулардын таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн эффективдүүлүгүн далилдөө иретинде мүнөздөлөт. Жогоруда келтирилген натыйжалардын илимий жаңылыгы жетиштүү деп баалоого татыктуу.

3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгү олуттуу теориялык жоболорго таянуу, 175 илимий булактарды анализдөө, аныктоочу жана калыптандыруучу педагогикалык эксперименттерде алынган эмпирикалык материалдарды жалпылоо жана жыйынтыктоо ыкмаларын колдонуу менен бекемделет.

3.3. Иштин белгилүү деңгээлде теориялык мааниси бар, анткени окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо тийиштүү илимий-педагогикалык көз караштын калыптандырууга салым кошот.

3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши. Диссертациядагы материалдар окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу технологиясын аныктоого багытталган, алынган илимий натыйжалар жетиштүү илимий жаңылыкка жана баалуулукка ээ. Диссертациялык жумуш жогорку билим берүү уюмунун тематикалык планынын алкагында аткарылган жана анын жыйынтыктары билим берүү тармагынын масштабында кеңири колдонууга татыктуу.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү. С.Кылычтын** диссертациясында алынган илимий натыйжалар изилдөөдө иштелип чыккан окуучунун таанып-билүү билгичтиктерин окутуунун маалыматтык технологияларын колдонуп өнүктүрүүнүн модели “Сапат” лицейлердин окуучуларына ылайыкташтырылган. Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин өнүктүрүүдө технологиялык проектилөөнү колдонуу жолдору дидактикалык сунуштоолор катары көрсөтмө болуп бере алат. Ал эми изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан сунуштоолор, ыкмалар, уюштуруу формаларын окутуунун эфективдүүлүгүнө таасирдүү каражаты катары колдонсо болот.

Илимий изилдөөлөрдүн негизинде 18 илимий-усулдук макалалар жарыяланган. Методикалык сунуштарды иштеп чыгуу, тийиштүү акты менен ишке киргизүү фактыларын бышыктаган материалдар көрсөтүлгөн эмес.

Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү жетиштүү, аларды жалпы орто билим берүү уюмдарында, мугалимдерди даярдоо, квалификациясын жогорулатууда кеңири колдонсо болот деп эсептейм.

**5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Авторефераттын кээ бир белгилери диссертациянын мазмунуна дал келет. Мисалы, сунушталган педагогикалык шарттарды бекемдөө талданган окуу китептердин саны диссертацияда жетиге (60 бет), ал эми авторефератта бешке барабар (11 бет).

**6. Мүчүлүштүктөр:**

**6.1. Диссертациянын максатын, милдеттерин жана структуралык түзүлүшүн кылдат карап чыгууну сунуштайм:**

- Максатта модель түшүнүгүн камтуу зарыл, анткени тийиштүү моделди иштеп чыгуу жана иш жүзүндө текшерүү маанилүү роль ойногон;
- Милдеттердин мазмунун жана санын тактап аларды диссертациянын структурасы менен шайкеш келишин жакшыртуу зарыл. Бул өңүттө 1-чи милдетти: “психологиялык-педагогикалык адабияттарга талдоо жүргүзүүнүн негизинде окуучулардын таанып-билүү билгичтиктери менен көндүмдөрү түшүнүктөрүн талдап чыгуу” дегендин ордуна Адабияттарга талдоо жүргүзүүнүн негизинде окуучулардын таанып-билүү билгичтиктери менен көндүмдөрү түшүнүктөрүн талдап чыгуу , - иретинде аныктаса, анда диссертациянын 1-чи главасынын аталышы жана структуралык бөлүкчөлөрү менен болгон шайкеши жакшырат эле. 2-чи милдетти: “лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн иликтеп чыгуу” лицей окуучуларынын деп өзгөртүүнү сунуштаймын, - Менимче, 1-главанын 1.2. подпункту Лицейдин окуу процессинде заманбап маалыматтык технологияларды колдонуунун шарттары дегенди 2-главага которгондо жакшы болмок. 3-чү милдетти “лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин технологиялык проектилөөнүн негизинде өнүктүрүүнүн моделин иштеп чыгуу деп коюлган, бирок модель так жана түшүнүктүү берилген эмес”, Менимче, **“Үч милдет, үч глава”** деген эреже диссертациянын структуралык негизин аныктоодо жетекчиликке алууга татыктуу, - деп эсептейм;
- Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн сунуштар кабыл алынса. Анда илимий натыйжалардын санын, мазмунун, ырааттуу берилишин, жалпы корутундунун тактальшы жана изилдөөнүн жаңы милдеттерине дал келтирүү зарылдыгы пайда болот.

**6.2. Ойлонууну жана негиздөөнү талап кылуучу жагдайлар.**

Диссертацияда тиркемелер берилген эмес. Анкеталар тиркемеде көрсөтүлгөн эмес. 3,4,5,6 класстын окуу программалары көрсөтүлгөн эмес.
Кээ бир жерлерде грамматикалык каталар кездешет. Маселен 20.бетте субңективдүү эмес субьективдүү деп өзгөртүү керек. 22-бетте, 36-бетте, 40-бетте адабияттар көрсөтүлгөн эмес. 29-бетте сүрөт толук көрсөтүлбөй калган. Технология түшүнүгүнүн өзгөрүүлөрү сүрөтү бир бетке батпай жарымы башка бетте көрсөтүлүп калган. А.Г. Асмоловдун айтканы 42-бетте орус тилинде жазылып калган. 67-бетте Визуал Бейзик Visual Basic тили эмес программалык тили деп өзгөртүү сунушталат.
95-бетте Дисктер темасы боюнча таркатма материалда дисктер акыркы 15 жылдан бери колдонулбай калган башка теманы койсо болмок. Эксперименталдык класска Бишкек жана Каракол лицейлеринин окуучулары кирди деп 136-бетте жазылган, бирок диссертацияда

окуучулардын тизмеси көрсөтүлгөн эмес. Авторефератта грамматикалык каталар кездешет. Сүрөттөрдүн өлчөмдөрүн кичирейтип коюу керек.

**7. Сунуштар:** Жогоруда белгилеген мүчүлүштүктү жоюну сунуштайм.

**8. Кабыл алуу боюнча рекомендация.** Диссертация кабыл алууга жана алдын ала коргоого татыктуу деп эсептейм.

**9. Бүтүм.** Сади Кылычтын "Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары" аттуу 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө жарайт жана жаңы илимий натыйжаларды камтыйт. Изденүүчүнүн жеке салымы, ага таандык идея жана эксперименталдык ырастоо негизинен жетиштүү деңгээлде иштелип чыккан жана педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга татыктуу.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып** И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.20.618 диссертациялык кеңешине 13.00.01 - "Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Сади Кылычтын "Лицейчилердин таанып-билүү билгичтиктерин маалыматтык технологиялардын негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары" деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Ала-Тоо эларалык университетинин ректору С. Эрдолатов

С.Эрдолатовдун койгон кол белгисин тастыктайм.
АЭУнин кадрлар бөлүмүнүн башчысы К. Шамбеталиев

Эксперт С. Эрдолатовдун колтамгасын тастыктаймын.
Дисс. кеңештин окум. катчысы п.и.д., проф. Дюшеева Н.К.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ